КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
МОСКВА РАЙОНУ
НАРЗАН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
МОСКОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
НАРЗАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

ТОКТОМ

2026-ж "05" октября №35 Беловодск айылы

«Айыл жаңылыгы» муниципалдык ишканасынын ишмердүүлүгүнө байланыштуу маселелерди кароонун тартиби жөнүндө

«Айыл жаңылыгы» муниципалдык ишканасын натыйжалуу башкарууну камсыз кылуу, анын ишмердигинин жүрүшүндө келип чыккан маселелерди тартипке келтирүү, муниципалдык мүлктү талаптагыдай пайдалануну камсыз кылуу, ошондой эле муниципалдык ишкана тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтарга баалардын прейскурантын кароонун жана макулдашуунун тартибин белгилөө максатында, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамын, муниципалдык менчик чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жетекчиликке алып, Нарзан айылдык кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестициялар, ишкердик ишмердиги жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп, Нарзан айылдык кеңеши токтом кылат:

1. «Айыл жаңылыгы» муниципалдык ишканасынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана Нарзан айылдык кеңешинин чечимдери менен башка органдардын компетенциясына киргизилбеген күнүмдүк ишмердигине байланыштуу маселелер Нарзан айыл өкмөтү тарабынан ага берилген ыйгарым укуктардын чегинде карала тургандыгы белгиленсин.
2. Нарзан айыл өкмөтү «Айыл жаңылыгы» муниципалдык ишканасынын ишмердигине байланыштуу маселелерди, анын ичинде күнүмдүк ишмердигин, ишин уюштурууну, ага өткөрүп берилген муниципалдык мүлктү пайдалануну, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана Нарзан айылдык кеңешинин чечимдери менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын компетенциясына киргизилген башка маселелерди карасын.
3. «Айыл жаңылыгы» муниципалдык ишканасы көрсөтүлүүчү кызматтарга баалардын прейскурантынын долбоорлорун, ошондой эле

ага киргизилүүчү өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун долбоорлорун кароо жана макулдашуу үчүн Нарзан айыл өкмөтүнө берсин.

4. «Айыл жаңылыгы» муниципалдык ишканасынын мүдүрү төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:
   - баалардын прейскурантынын долбоорун Нарзан айыл өкмөтүнө өз убагында берүүнү;
   - сунушталып жаткан баалардын жана тарифтердин негиздемелерин берүүнү;
   - макулдашылган баалардын жана тарифтердин сакталышын;
   - өздүк наркынын, кызмат көрсөтүү шарттарынын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркына таасир этүүчү башка жагдайлардын өзгөрүшүнө байланыштуу баалардын прейскурантына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды өз убагында берүүнү.
5. Нарзан айыл өкмөтүнүн «Айыл жаңылыгы» муниципалдык ишканасынын ишмердигине байланыштуу маселелер боюнча чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, ушул токтомдо жана муниципалдык ишкананын уставында белгиленген компетенциянын чегинде кабыл алынары белгиленсин.
6. «Айыл жаңылыгы» муниципалдык ишканасынын мүдүрү ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылсын.
7. Ушул токтом белгиленген тартипте каттоодон өткөрүлүп, Нарзан айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
8. Нарзан айылдык кеңешинин жооптуу катчысы ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте мамлекеттик каттоодон өткөрүү жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтсүн.
9. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып, эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача белгиленбесе, күчүнө кирет.
10. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Нарзан айылдык кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестициялар, ишкердик ишмердиги жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төраганын у.м.а. **А.Т.Урманбетов**